*УДК:347.156:316*

***Шайдуллаева Т. Ж.,***
*Социология илимдеринин кандидаты, доцент,*
*shaidullaeva@gmail.com*

# АЯЛЗАТЫНЫН ГЕНДЕРДИК РОЛДОРУНУН ӨЗГӨРҮҮСҮ

# ИЗМЕНЕНИЕ ГЕНДЕРНЫХ РОЛЕЙ ЖЕНЩИН

# GENDER TRANSFORMATION OF WOMEN ROLES

***Аннотация:*** *Макалада гендердик ролдордун философиялык, феминисттик жана социологиялык теориялардагы изилдениши, гендердик ролдордун динамикасы, коомдогу гендердик ролдордун өзгөрүүсүн шарттаган социалдык-экономикалык факторлор талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Гендер, гендердик ролдор, гендер стратификациясы, аял менен эркектин салттуу ролдору, гендердик ролдордун өзгөрүүсү, гендердик теңчилик, феминисттик кыймыл.*

***Аннотация:*** *В статье анализируются гендерные роли и их динамика в философских и социологических теориях, социально-экономические факторы, обусловливающие изменение ролей мужчин и женщин.*

***Ключевые слова:*** *Гендер, гендерные роли, гендерная стратификация , традиционные роли женщин и мужчин, изменение гендерных ролей, гендерное равенство, феминистическое движение.*

***Annotation:*** *In the story philosophical side of gender roles, research of sociological and feminist theory, dynamics of gender roles, transformation of gender roles in society conditioned by the changes in the socio-economic factors are analyzed.*

***Keywords:*** *Gender, gender roles, gender stratification, traditional roles of women and men, transformation of gender roles, gender equality, feminist movement.*

Гендердик ролдордун динамикасы бир канча коомдук илимдер тарабынан иликтөөгө алынган. Анткени бул маселе коомдогу гендердик теңчилик тууралуу өзөктүү маселе менен түздөн-түз байланышат. Ошол эле учурда аял менен эркектин коомдогу ролу жана теңчилиги тууралуу окумуштуулар чөйрөсүндө азырга чейин ар түрдүү кайчы пикирлер да өкүм сүрүп келатканын белгилеп кетебиз.

Марксисттик теориянын өкүлдөрү аял менен эркектин ортосундагы эмгектин бөлүштүрүлүшүн жеке менчиктин жана моногамиялык үй-бүлөнүн пайда болуусу менен түшүндүрүшөт. Моногамиялык үй-бүлөнүн жаралуусу менен эркек- багуучу, аял - бала төрөп, аны чоңойтуп, үй чарбасын жүргүзүү функцияларына өтүшөт. Алар эмгектин бөлүштүрүлүшүндөгү гендердик теңсиздикти аялдарга эркектерге караганда аз эмгек акы төлөгөн капиталисттик түзүлүштүн структурасынан көрүшкөн. Анткени аялдар эркектер менен тең иштеп, алардан айлыкты бир топ аз алышкан. Марксисттик теориянын негиздөөчүлөрүн бири Ф.Энгельс өзүнүн "үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы" аттуу эмгегинде эркек менен ургаачынын ортосундагы эмгектин бөлүштүрүлүшү эзелтен эле болуп келгенин, бирок капитализм мезгилинде эмгектин өндүрүштүк жана үй-бүлө тиричилигин тейлеген болуп экиге бөлүнүүсү ургаачынын эмгегинин баасынын азайышына алып келип, бул ажырымды бир топ күчөткөндүгүн белгилейт. Коомдук, бааланган, пайдалуу гана эмгекте иштеген эркектер мурасын өзүнүн гана тукумуна калтыруу үчүн моногамиялык нике зарыл болгон. Бирок моногамиялык никенин талабы ургаачыга карата гана колдонулган. [3.70-б]

Ал эми конфликт теориясынын өкүлү Р.Коллинздин пикири боюнча эркектер кара күчүнө таянып, аялдарды сексуалдык канааттануу алуу кызыкчылыгы үчүн гана басынтып баш ийдиришкен. Ошондуктан, аялдар эркектерди жек көрүп, бул көп учурда чыр-чатакка алып келет деп түшүндүрөт [2.115-127-б]. Окумуштуулардын үчүнчү тобу –функционализм теориясынын өкүлдөрү Т.Парсонс, Р.Бэйлс жыныстардын ролдорунун бөлүнүшүн колдойт жана үйдө жубайлар эки түрдүү ролдорду аткарууга милдеттүү деп эсептешет. Аялдын бала төрөп, аны багууга болгон жөндөмү анын экспрессивдүү ролун аныктайт. Күйөөсү биологиялык жактан мындай функцияны аткара

албаган соң, ал инструменталдык партнер боло алат. Башкача айтканда, үй-бүлөнүн сырттан таап келүүчүсү, багуучусу болуп саналат. [7. 353-б]. Э.Дюркгейм аял менен эркектин коомдогу ролдорунун өзгөрүүсүн үй-бүлө институтунун тарыхый өнүгүүсү менен байланыштырат. Байыркы коомдордо аял менен эркектин аткарган ролдорунда жана да тышкы кебетелеринде урунттуу өзгөчөлүктөр болгон эмес. Ал эми азыркы маданияты өнүккөн элдерде аялдардын аткарган ролдору эркектердикинен таптакыр айырмаланат. Башкача айтканда, эркектерге интеллектуалдык функция, аялдарга эмоционалдык функциялар тиешелүү болуп калды дейт. [1. 56-64-б]. Бирок америкалык антрополог М.Мид аял да, эркек да табиятынан тигил же бул ролдуу аткаруу үчүн жаралган деген пикирди өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнө таянып жокко чыгарат. [ 4]

Гендер стратификациясын изилдеген дагы бир окумуштуу Д.Хубердин ою боюнча постиндустриялык коомдордогу технологиянын өсүшү аял менен эркектин бара-бара өндүрүштөгү кара күч жагынан болгон теңсиздигин жылмалап отурат. Бирок үй-бүлөдөгү аял-эркек ролунун ар түрдүүлүгү баары бир сакталып кала берет. [ 12.77-96-б].

Франциялык философ Симене де Бовуардын "Экинчи жыныс" деп аталган эмгеги гендердик изилдөөлөрдүн философиялык концепцияларындагы бурулуш учурлардан болуп калды. Китепте аялзаты ар кандай социалдык ролдордо сүрөттөлүп, автор "аялдар маселесин" анын онтологиялык жана антропологиялык аспекттерин аныктоо аркылуу фундаменталдык философиялык ой жүгүртүүлөрдүн контекстинде алып чыгат. Окумуштуунун пикири боюнча "Аял болуп төрөлбөйт, аял болуп калыптанат" [8. 311-б]. Аялга карата айырмаларды аларга социалдык-тарыхый шарттар таңуулаган. Алар миңдеген жылдар калыптанып отуруп стереотиптерге, салттарга жана нормаларга айланган. Аялзатына таандык болгон психология, мүнөз, логика табият жазмышы эмес. Тескеричинче алар социалдык-маданий продукт болуп саналат [8. 347-б].

Демек, автордун көз карашына таянсак, коомдогу аял менен эркек ортосундагы социалдык ролдордун бөлүнүүсү да тарыхый, экономикалык жана маданий продукт болуп саналат.

18-кылымда батыш мамлекеттеринде башталган феминисттик кыймыл аялдардын коомдогу социалдык ролдорунун өзгөрүүсү үчүн күрөшкөн. 1791-жылы Олимпия де Гуж "Аялдардын жана аял жарандардын укуктарынын декларациясын" жазып чыккан. Бул эмгекте автор аялдар да эркектер сымал негизги жарандык укуктар болгон эркиндикке, менчикке ээ болууга, деспотизмге каршы туруу сыяктуу укуктарга ээ. "Эгер аял эшафотко барууга укуктуу болсо, ал трибунага чыгып сүйлөөгө да укуктары болуш керек" деген. Көп өтпөй бул Декларациянын авторун мыкаачылык менен өлтүрүшкөн [6]. Буга удаа Т. Фон Гиппелдин «Аялдардын жарандык укуктарын жакшыртуу жөнүндөгү" (1792) жана М.Уолстонкрафтын "Аялдардын укуктарын коргоо" деген эмгектери жарык көргөн. Бул китептерде эгер коомдо аялдарга билим, кесип алууга эркектердикиндей укук, мүмкүнчүлүк берилсе , аялдын басынган абалы, көз карандылыгы өзүнөн өзү жоюлат эле , кыз-келиндер да эркектер алган билимдин баарын алууга акылуу. Билимдүү аял экономикалык жактан көз карандысыз болуп, коомдо активдүүлүккө жетише алат деп жазылган. Феминизм социологиялык концепция катары алгачкы жолу америкалык изилдөөчү Б.Фридендин эмгегинде талдоого алынган [11].

Бул мезгилде феминисттик күрөштүн максаты коомдо аял менен эркектин юридикалык жактан теңчилдигин камсыздоого багытталган эле. Феминизм алкагындагы суфражисттер кыймылы аялдардын шайлануу жана шайлоо укуктары үчүн күрөшкөн. Өзүнүн тарыхый күрөшүндө феминизм кыймылы бир нече этаптардан турган жана лиебралдык, радикалдуу, марксисттик, гуманисттик болуп бир канча түрлөргө бөлүнгөн. Феминисттик кыймыл өзүнүн тарыхый миссиясын аткара алды. Бүгүн дээрлик дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө аялдар шайлоо жана шайлануу укуктарына ээ болуп, билимдүүлүк кесиптүүлүк жана сасый активдүүлүк аялдар арасында кеңири кулач жайган. Аялдардын салттуу ролдору өзгөрдү, буга жараша аялдын коомдогу ордуна байланыштуу стереотиптүү көз караштар да азайды. Бара-бара аялдар билимге жана кесипке ээ болуу менен эркектерден толук көз каранды болуп калуудан кутулушту.

Аялзаты ушул күнгө чейин өздөрүнүн коомдогу татыктуу орду үчүн өздөрү тынбай күрөшүп келишет. Бүгүнкү күндө феминисттик кыймыл гендер теңчилиги үчүн күрөшкө өсүп чыкты, тактап айтканда жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Эгер феминисттик кыймыл аялзатынын абалын жакшыртууга, укуктарын коргоого багытталса, гендер – эркектин да, аялдын да коомдогу бирдей мүмкүнчүлүктөрүн, тең укуктарын көздөгөн түшүнүк. Анткени бүгүн коомдо аялдар гана эмес, эркектерге байланышкан да көйгөйлөр пайда болду.

Азыркы учурда гендер теңчилигин камсыз кылуу жараянында аялдар менен эркектердин социалдык ролдору тууралуу маселе да катар коюлуп келет. Бүгүн аялдар менен эркектердин салттуу ролдорундагы өзгөрүүлөр кыргыз коомунда да орун алган. Анын мыйзамдык, экономикалык, социалдык жана маданий бир канча объективдүү себептери жана негиздери бар.

Салттуу коомдо эркектердин биринчилиги, аялзатынын экинчилиги деген түшүнүктөр элдин аң-сезиминде терең калыптанып калган. Чыгыш философиясында эркектерди күнгө, жарыкка, бийиктикке, тоолорго көкөлөгөн көнүлгө салыштырышкан, дүйнөдөгү бардык позитивдик көрүнүштөрдү эркектер менен байланыштырышкан. Анткени эркектеги убадага, сөзгө бекемдик, коркпос, жалтанбас, даргөйү кең, пейили таза, майдачылыктан алыс жана башка ушуга окшогон асыл сапаттары ойчулдарды ушундай жыйынтыктарга алып келген. Эркектер эл-жерин коргоодо, жумуштун эң оорунда, кыйчалыш кыйын учурларда ушундай сапаттары аркылуу өздөрүн татыктуу көрсөтө алган. Үй-бүлөдөн башталып, мамлекеттик, эл аралык деңгээлге чейинки, негизги делген маселелердин баары эркектер менен чечилген. Аткарган, жүктөлгөн милдеттин орчундуулугу жана олуттуулугу эркектерди дайыма чечкиндүү, так жана жоопту болууга милдеттендирген. Баарынан мурда аялзатынын, бала-чаканын, кары-картаңдын багуучусу, коргоочусу катары ыйык парзын ал терең түйган. Ургаачы болсо дайыма колдоого муктаж жан

катары эркек менен теңтайлашпай бала-чакага, үйүнө айланчыктап, көптөгөн каада-салттардын нормасынын чегинде жашаган. Салттуу коомдо эркек менен ургаачынын социалдык ролдору так аныкталган жана өз-өзүнчө бөлүнүп турган. Мындай эреже-тартип кайсы бир деңгээлде үй-бүлөдөгү да, коомдогу да туруктуулукту камсыздаган. Кыз баланы жана эркек баланы төрөлгөндөн тарта ушул аныкталган эреже-тартиптин чегинде тарбиялашкан. Айрыкча үйдөгү жашоо-ыңгайды жараткан, тиричиликтин туткасын кармаган аялзатына карата коомдо сын көз караш жана талап жогору болгон. Кыз бала төрөлгөн күндөн баштап анын коомдогу ордун, милдетин билдирген тарбиялоонун атайын кылымдап келаткан системасына түшкөн. Мисалы, "Кыздын кырк чачы улуу" сыяктуу макалдын мааниси айтып тургандай, кыз балага карата сый, аяр мамиле анын кыркка бөлүп өрүлгөн чачына гана карата айтылбайт. Кыз баланын бой тартканда башка бирөөгө бүлө болуп, башка элге эл болуп кетип калышы, ата-эне, туугандар алдында анын аманат, убактылуу жашап турушу жакындары тарабынан ага карата аёону, боор ооруну жараткан. Ошол эле учурда "Кызга кырк үйдөн тыюу" деп аны тарбиялоого карата олуттуу мамиле кырк үйдөн тыюу менен өлчөнөт. Атасынын төрүндө отурган кызга карата тарбиялык маанайдагы эрежелер "Кыз өссө элдин көркү, гүл өссө жердин көркү", "Ашыккан кыз эрге жетпейт, эрге жетсе этеги жерге жетпейт", "Кыздуу үйдө кыл жатпайт", "Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт", "Кыздын сулуу болушу кудайдан, улуу болушу өзүнөн" жана башка ушул сыяктуу элдик макалдарда таамай аныкталган. Мунун баары кыз баланы тарбиялоо гана болбостон, анын жакшы жерге барып, орун –очок алып, болочок үй-бүлөсүндө бактылуу жашашы үчүн камкордук болуп саналган. Кызды тарбиялоодо анын энесине айрыкча милдет жүктөлгөн. "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт", "Эне жакшы- кыз жакшы" деген макалдар бекер жеринен жаралбаган. Ененин коомдогу орду кызына берген тарбиясы менен өлчөнгөн. Кызы эстүү чыкса энесин макташкан, акылсыз болсо оболу энесине сөз тийген. Аялзатына карата мындай өзгөчө талаптын болушу ириде салттуу коомдун турмуш-тиричилик уклады менен да байланышкан. Үйдөгү тамак-аш, кийим-кече, буюм-тайым, керек болсо үй (боз үй) да аялдардын колунан жаралган. Эркектин сырттагы ишине караганда аялдын үйдөгү иши көп машакатты, акылды, чыдамкайлыкты, тапкычтыкты жана бүйрөлүктү талап кылган. Бул тажрыйбанын баары энеден кызына өтүп келген [10. 51-52-б].

Көчмөн жашоодогу жаратылыш ыргагы менен болгон улуу гармония аял-эркек, улуу-кичүү мамилелеринде да белгилүү тең салмактуулукту жараткан. Табият менен жанашып, эриш-аркак жашоо адамдардын өз ара мамилелеринин да табыгыйлуулугун шарттаган. Көчмөн элдин турмушунда аялдар жасанып, түзөнүп үйүндө кулпуруп отурган эмес. Аял көч башында жүргөн, эркек менен тең катар үй-бүлө түйшүгүн көтөрүп келген. Эркекте да, аялда да коомдо өзүн өзү каалагандай реализациялоого карата тандоо мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Эркек кааласа каалабаса да, ага жөндөмсүз болсо да аны эр жүрөк, кайраттуу, лидер кылып тарбиялоого умтулушкан, ошондой талап коюшкан, аны мажбурлашкан, ага ишеним артышкан. Ошол эле учурда төрөлгөндөн эле лидерлик сапатка эгедер ургаачы өзү каалаган күндө да эч качан лидер боло алган эмес.

Аялдар жашоо тиричиликтин оор жүгүн аркалап келгени менен коомдо аялдарды коомдук турмуштан четтетүү, чечим кабыл алуу укугунан ажыратуу, басынтуу көрүнүштөрү сакталып келген.

Советтик түзүлүш аял, эркек мамилелеринде бурулуш өзгөрүүлөрдү жасай алды. Совет бийлиги орногон алгачкы эле жылдарда кабыл алынган декреттерде аялдардын жарандык укуктарын эркектер менен теңөөнү мыйзам алдында чечти. Советтик аялдар кагаз жүзүндө саясый укуктардан тарта бардык укуктарга ээ болушканы менен салттуу коомдо жашаган элдерде аялзатынын реалдуу укуктарын камсыздоо оңойго турган эмес. Тарыхый маалыматтарга таянсак, аялдар азаттыгын камсыз кылуу аз эмес кан төгүүлөр менен коштолгон. Мисалы, ошол жылдары Туркестан аймагында эки жылдын ичинде эле азаттык эңсеген 2500 кыз-келин өлтүрүлгөн [5. 29-б]. Советтик түзүлүштүн душмандары жаңы бийликтин аялдарга берген мүмкүнчүлүктөрүн теңирден тескери кабыл алышкан. Совет бийлигинин аялзат теңчилигин камсыз кылуу багытындагы жүргүзгөн иш-чаралары мыйзамдык жана практикалык негизге ээ болгон. Анткени марксисттик феминисткалардын (А.Коллонтай, И.Арманд, Н.Крупская, К.Самойлова ж.б.) көз карашы боюнча аялдарга эркектер менен тең катар укуктарды берүү менен эле аялдардын коомдогу реалдуу теңчилигин камсыз кылса болот дешкен. Мындан тышкары аялдардын коомдогу активдүүлүгүн камсыздоо үчүн алардын турмуш-тиричилик образын өзгөртүүгө басым жасалган. Тактап айтканда, жеке үй-бүлөлүк турмуштагы көп түйшүктөрдү коомдук уюмдар аркылуу жеңилдетүүнү көздөшкөн. Коомдук ашканалардын, кир жуучу жайлардын, ооруканалардын, мектептердин, бала бакчалардын жана жатаканалардын кең ири тармактарын ачуу менен аялдардын үйгө байлануусун азайтабыз дешкен. Үй түйшүгүнөн жеңилдеген аял бардык күчүн коомдук пайдалуу эмгекке жумшай алат деп ойлошкон. Совет мамлекетинде аялдардын кесип, билим алуусу, иштөөсү үчүн бардык жерде аларга эшик ачык болгон. Натыйжада жумушчу, дыйкан аялдардын зор армиясы өсүп чыккан. Коммунисттик партия аялдардын тең укугу үчүн камкордук көргөн. Аялдар маселеси боюнча мамлекеттик атайын структура иштеген. Кыздарды окууга тартуу үчүн үймө-үй кыдырып, түшүндүрүү иштери тынбай жүргүзүлгөн. Атайын кыздар мектеби, жалаң кыздар окуган бардык шарты бар жогорку окуу жайлар ачылган. Билим алуу бардык жерде акысыз ишке ашкан. Советтик система кыз-келиндердин саясый жана социалдык укуктарын толук коргогон. Эрте күйөөгө бергенге жол койгон эмес. Кесипкөй, билимдүү аялзаттарынын өсүп чыгуусун шарттаган. Кыргыз ССРинде кыз-келиндердин кат-сабаты толук жоюлган жана алардын дээрлик көпчүлүгү коомдук иштерге тартылган. Аялдарга карата ишке ашкан советтик идеология гендердик ролдордун өнүгүүсүндө эң күчтүү факторлордун бири болгон.

СССР кулап, Кыргыз Республикасы өз алдынчалыкка ээ болгон күндөн тартып гендердик маселеде

жаңы жагдайлар кирип келди. Гендердик теңчиликке умтулуу өлкөнүн демократиялык, укуктук мамлекетти куруу жолундагы маанилүү багыттардын бирине айланды. Кыргызстан аял менен эркектин коомдогу орду тууралуу маселеде дүйнөлүк алдыңкы стандарттарга умтула баштады.

Өлкө гендердик ролдорду өнүктүрүүнүн мыйзамдык жана институционалдык механизмдерине басым жасады. 1996-жылы Кыргызстан "Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндөгү" Бириккен Улуттар Уюмунун Конвенциясын КМШ өлкөлөрү ичинен алгачкылардан болуп ратификациялады. Буга ылайык Кыргыз Республикасы ар бир төрт жылда БУУнун Комитетине Кыргызстандагы аялдардын укуктарынын корголушунун акыбалы боюнча өзүнүн мезгилдүү баяндамасын жөнөтүп турат. Андан тышкары Кыргыз Республикасы да гендердик теңчиликти камсыздоо багытында бир канча улуттук мыйзамдарды кабыл алган жана иштеп жаткан улуттук мыйзамдарга гендердик жагдайдан экспертизалар жасалган. Алсак, 2003 –жылы КР Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык жана укуктук жактан коргоо" жана "Аялдардын жана эркектердин бирдей укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу" эки мыйзамды кабыл алды. Андан тышкары 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясында эркектердин жана аялдардын укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдейлиги тууралуу принцип бекитилди, Кыргыз Республикасынын «Жер жөнүндөгү» жана "Саясый партиялар жөнүндөгү" мыйзамдарына гендердик экспертиза жүргүзүлгөн соң, олуттуу өзгөртүүлөр киргизилди. Бул мыйзам негиздери коомдогу аялзатынын укуктарын коргоо менен алардын активдүүлүгүнө жана гендердик ролдорунун өзгөрүүсүнө түздөн-түз өбөлгө болушкан.

Эгемен мамлекетте гендердик мамилелерди өнүктүрүүнүн институционалдык негиздери да иштелип чыкты. Гендердик компонентти улуттук саясаттын, өнүгүү багыттарынын жана программаларынын бардык жагдайларына кийирүү максатында адегенде Аялдар жана жаштар иштери боюнча мамлекеттик комиссия түзүлүп иштеди, кийинчерээк ал Президентке караштуу Аялдар, үй-бүлө жана гендердик өнүгүү боюнча Улуттук Кеңеш болуп өзгөртүлдү. Мунун баары аялдардын теңчилиги жаатындагы көптөгөн иш-чаралардын аткарылышына өбөлгө болду. Жыйынтыктап айтканда, эгемен Кыргызстандагы социалдык-экономикалык реформалардын жүрүшү менен тең катар аялдардын гендердик ролдорунун өзгөрүүсү активдешти.

***Адабияттар***


1. *Дюркгейм Э. О разделении общественного труда: метод социологии. -М.: Наука. 1991. 56-64-б.*
2. *Коллинз Р. Введение в неочевидную социологию. В кн.: Антология гендерной теории. -Минск, Пропилеи.2000. 115- 127-б*
3. *Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд.т-21.70-б.*
4. *Мид М. Культура и мир детства. Избранные произведения. -М.: Наука.1988*
5. *Пальванова Б. Эмансипация мусульманки. Опыт раскрепощения женщин Советского Востока. - М., 1982. 29-б*
6. *Первая волна феминизма. http://womenation.org/first-wave-of-feminism/*
7. *Смелзер Н. Социология.- М., Феникс. 1994.353-б*
8. *С.де Бовуар. Второй пол. -М., 1998, 311-б*
9. *Шайдуллаева Т.Кыргызстандагы гендердик өнүгүү. -Б.: Бийиктик, 2005, 51-52-б*
10. *Фриден Б. Загадка женственности. 1963*
11. *Хубер Дж. Теория гендерной стратификации. В кн.: Антология гендерной теории. -Минск. Пропилеи.2000. 77-96-б*